УДК:323.283:297.1
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-462-472

**Карасартова Ч.Ж.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ДИНИЙ ЭКСТРЕМИЗМДИН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ: КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АГА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ ЖОЛДОРУ

**Аннотация:** Бул макалада XXI кылымда дүйнөлүк масштабда адамзат үчүн эң коркунучтуу көйгөйлөрдүн бирине айланган экстремизм жана терроризм менен байланыштуу болгон маселелер каралды, өзгөчө диний экстремизмдин күч алгандыгы жана анын себептери аныкталды. Ошондой эле, Кыргызстандагы экстремизм көйгөйлөрүнүн актуалдуулугу аргументтештирилип, азыркы күндөргө чейин болуп өткөн террористтик актылар таблицада көрсөтүлдү. Ислам ураандарына жамынып алып жашыруун иш аракеттерди жүргүзгөн жихадчылардын үгүт-насааттары жана калктын радикалдашып жаткандыгы өзгөчөлүк катары белгиленди.

Кыргызстандагы экстремизмдин пайда болуу себептери иликтенип, бул маселе менен алектенген окумуштуулардын көз караштары талдоого алынды. Болуп жаткан көйгөйлөрдүн ички жана тышкы факторлору ачылып берилди жана мамлекеттик деңгээлдеги экстремизмге каршылык көрсөтүү үчүн кандай чаралар керек деген суроолорго жооп берүүгө аракет жасалды.

**Негизги сөздөр:** Калктын радикалдашуусу, экстремизм, терроризм, зомбулук, ашкере ырайымсыздык, агрессивдүүлүк, коопсуздук, ислам уюмдары..

**Карасартова Ч.Ж.**
кандидат исторических наук, и.о.доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ПРИЧИНЫ И ОСОБЕННОСТИ РЕЛИГИОЗНОГО ЭКСТРЕМИЗМА: ПУТИ ПРОТИВОДЕЙСТВИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются проблемы, связанные с экстремизмом и терроризмом, которые в XXI веке стали одной из самых опасных проблем для человечества в мировом масштабе, особенно в связи с ростом религиозного экстремизма и его причинами. Также была аргументирована актуальность проблем экстремизма в Кыргызстане, в таблице указаны террористические акты, произошедшие в стране до настоящего времени. В качестве исключения были отмечены проповеди джихадистов, которые действовали под прикрытием исламских лозунгов, и радикализация населения.

Изучены причины возникновения экстремизма в Кыргызстане, проанализированы взгляды ученых, занимающихся этим вопросом. Были выявлены внутренние и внешние факторы происходящих проблем и предпринята попытка ответить на вопросы о том, какие меры необходимы для противодействия экстремизму на государственном уровне.

**Ключевые слова:** Радикализация населения, экстремизм, терроризм, насилие, крайняя жестокость, агрессивность, безопасность, исламские организации.

**Karasartova Ch.Zh.**
Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE CAUSES AND FEATURES OF RELIGIOUS EXTREMISM: WAYS TO COUNTERACT IT IN KYRGYZSTAN

**Annotation:** This article examines the problems associated with extremism and terrorism, which in the 21st century have become one of the most dangerous problems for humanity on a global scale, especially in connection with the growth of religious extremism and its causes. The urgency of the problems of extremism in Kyrgyzstan was also argued, the table shows the terrorist acts that have occurred in the country so far. As an exception, the sermons of jihadists who acted under the guise of Islamic slogans and the radicalization of the population were noted.

The causes of extremism in Kyrgyzstan have been studied, and the views of scientists dealing with this issue have been analyzed. The internal and external factors of the ongoing problems were identified and an attempt was made to answer questions about what measures are needed to counter extremism at the state level.

**Key words:** Radicalization of the population, extremism, terrorism, violence, extreme cruelty, aggression, security, Islamic organizations.

Экстремизм жана терроризм кандай гана формада болбосун адамзат үчүн XXI кылымдагы эң коркунучтуу көйгөйлөрдүн бирине айланды.

Диний экстремизм көйгөйүн көптөгөн окумуштуулар, изилдөөчүлөр, эксперттер иликтеп жатышат, бирок бул көрүнүш боюнча азырынча бирдиктүү бир пикир жок. Кеңири мааниде ал экстремалдык чараларды жактоону билдирет. Эгерде биз бул түшүнүктү диний негизде карасак, анда бул – диндеги өзгөчө көз караштарга жана аракеттерге берилгендик, анын негизин зордук-зомбулук, өтө ырайымсыздык жана агрессивдүүлүк түзөт. Азыркы учурда Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы чакырыктардын бири диний экстремисттик көрүнүштөр болуп саналат. Бул көрүнүштү изилдөөнүн негизги зарылчылыгы анын туруктуулукка, коопсуздукка жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө коркунуч келтиргендиги менен байланыштуу.

Кыргызстандагы экстремизм көйгөйүнүн актуалдуулугу ислам ураандарына жамынып алып, жашыруун иш аракеттерди жүргүзгөн жихадчылардын үгүт-насааттары эле эмес, калктын радикалдашып жаткандыгы менен дагы байланыштуу болууда. Жакынкы жана Орто Чыгыштагы куралдуу кагылышууларга катышуу үчүн кыргыз жарандарынын кеткен фактысы тынчсызданууну жаратат. Ошондой эле тынчтыкта жашаган жарандардын өлүмүнө алып келген террордук актылардан республика да четте калган жок. Андыктан, экстремизмдин жана терроризмдин жайылышына каршы күрөштү камсыз кыла турган мыйзамдарды камтыган ченемдик-укуктук актылар өркүндөтүлүшү керек. Жогоруда белгиленгендерге байланыштуу бул көрүнүштү концептуалдуу чагылдыруу, анын маңызын изилдөөнүн методологиялык базасын жана методикасын иштеп чыгуу зарыл. Мамлекетте

экстремизмге каршы күрөштүн натыйжасы, кабыл алынган чечимдерди кесипкөй эксперттик баалоодон өткөрүүдөн көз каранды.

Бул макалада Кыргызстандагы экстремизмдин пайда болуу себептерин иликтеп, карап чыгып, болуп жаткан көйгөйлөр кандай факторлор менен байланыштуу жана мамлекеттик деңгээлдеги каршылык көрсөтүү үчүн кандай чаралар керек деген суроолорго жооп берүүгө аракет кылабыз?

Адамды экстремизмге алып баруучу жалпы бир себепти табуу мүмкүн болбосо да, адамдардын экстремизмге жана радикализмге баруусунун жалпы негизги булагы наразычылык деп айтууга болот. Наразычылык ар кандай себептерден келип чыгышы мүмкүн, тактап айтканда алар тышкы жана ички мүнөздөгү себептердин комплексинен пайда болот.

Кыргызстан үчүн тышкы факторлор катары төмөнкүлөр эсептелет:

– дүйнөлүк глобалдык тирешүү процесстери [5, с. 86];

– азыркы экстремизм менен терроризмдин эл аралык мүнөзгө ээ болушуна өбөлгө түзүүчү глобалдашуу жана маалыматташтыруу жараяндарынын кеңейиши;

– сырттан келген геосаясий таасир;

– туруксуздук жана чыр-чатактар менен мүнөздөлгөн чөлкөмдөргө республиканын географиялык жактан жакындыгы (Афганистандагы, араб дүйнөсүндөгү окуялар, ж. б. террористтик уюмдардын ишмердүүлүгү);

– экстремисттик уюмдардын өздөрүнүн социалдык базасын сырттан кыргызстандык жарандар менен толуктоого карата кызыкдарлыгы;

– дайыма эле экспертизадан өтпөгөн сырттан келген диний адабияттардын агымынын өсүшү;

– Кыргызстанга келген миссионерлердин атын жамынган жалдоочулардын иш-аракеттери (кайрымдуулук көрсөтүү, сыйынуу жайларын куруу, билим берүү ж.б. у.с.);

– согуш жүрүп жаткан жерлерден Кыргызстанга «кайтып келгендер» олуттуу коркунучка дуушар кылууда.

Экстремисттик мотивациянын калыптанышына таасир этүүчү ички факторлор – бул баарынан мурда коомдогу экстремалдык социалдык кырдаал болуп саналат, б.а. саясий, социалдык-экономикалык реформалардын кризиси, саясий күрөштүн курчушу. Натыйжада, калктын басымдуу бөлүгү мамлекеттик функцияларды ишке ашырууга жана коомдук процесстерди башкарууга катышуудан четтеп калууда. Өз кезегинде, мындай жагдай жарандардын мамлекеттик органдарга болгон ишенимин жоготууга алып келет (кылмыштуулуктун жана коррупциянын өсүшү, экономикалык кризис, жумушсуздук, улуттар аралык көйгөйлөр). Анткени, бүгүнкү күндө заманбап өнүккөн маалыматтык системада оппозицияда туруп, жалпыга белгилүү адам болуп калуу мүмкүндүгү бар. Же болбосо, алар күнөөлүүлөрдү (башка диндеги, расасындагы, улутундагы, башка социалдык топтордогу адамдарды) издешет же болбосо бардык көйгөйлөр үчүн Батышты айыпташат.

2017-жылдын 3-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2017-2022-жылдарга карата экстремизмге жана терроризмге каршы туруу боюнча мамлекеттик программаны коомдук талкууга чыгарган болчу. Анда кыйла сын көз караш менен «мамлекеттик органдардагы коррупциянын орун алган фактылары, коомдун социалдык муктаждыктарына тиешелүү чечимдерди кабыл алууда системалуулуктун начардыгы, адам укуктарын коргоо механизмдеринин натыйжалуулугунун жетишсиздиги, ошондой эле өлкөдө орун алган

зомбулукту колдонуу менен чыр-чатактардын тийиштүү түрдө чечилбегендигинин натыйжалары калктын бир бөлүгүнүн мамлекеттик бийликтин аракеттерине канааттанбагандыгын жаратат. Жумушсуздуктун болушу, билим берүү системасындагы жана жергиликтүү деңгээлде башкаруудагы кемчиликтер калктын социалдык жактан аялуу катмарынын нааразычылыгын жаратат, алардын бир бөлүгү диний-экстремисттик жана террористтик агымдардын таасирине кабылышы мүмкүн. Этностук жамааттардын социалдык-маданий жана саясий процесстерге жетишсиз интеграцияланышы айрым жарандардын жана топтордун криминалдашуу коркунучун жогорулатат» [7] деп белгиленген.

Албетте, өзүнүн социалдык-экономикалык абалына нааразы болуу экстремисттик мотивациянын калыптанышына таасирин тийгизет, биринчи орунда мүлктүк теңсиздик турат, бул адамдардын өз жашоосуна канааттанбоонун баштапкы шарты, калктын белгилүү бир социалдык тобунун жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшү. Анын натыйжасы чет мамлекеттердеги КР жарандарын эсепке алуунун жана көзөмөлдөөнүн толук иштелип чыкпаган системасы менен катар эле тышкы жана ички миграциянын жогорку деңгээли болуп саналат. Жогоруда белгиленгендер үй-бүлө институтунун алсызданышына, үй-бүлөлүк баалуулуктардын кадырын кетирүүгө, кароосуз калган өспүрүмдөрдүн санынын өсүшүнө алып келүүдө.

Экстремисттик идеологияларга берилүүнүн ички себептеринин бири алардын социалдык-психологиялык жактан кемсинүүсү, б.а. адамдын жашоодон көптү күткөндүгү жана өз муктаждыктарын ишке ашыра албагандыгы кирет. Тилекке каршы, экстремизмди түздөн-түз пайда кылуучу экстремисттик иш аракеттердин бардык себептеринин акыркы синтези психологиялык факторлор аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ошондой эле иденттүүлүк кризиси жана маргиналдуулук экстремисттердин торуна кабылууга түздөн-түз түрткү берет. Отуз жылдан ашык көз карандысыздыктын жылдарында Кыргызстандын калкынын бир бөлүгүндө жалпы жарандык иденттүүлүк, биринчи кезекте өзүн «кыргыз жараны» катары сезе билүү жана мамлекеттин эгемендүүлүгүн бекемдөөнүн баалуулугун жана маанилүүлүгүн түшүнүү калыптанган эмес.

Натыйжада, иденттүүлүктү издөө көпчүлүктү альтернативдүү диний иденттүүлүккө алып келди, андай адам өзү туулуп-өскөн жерден, улутунан, өлкөдөн жана элинен баш тартууга жана ошону менен бирге башка көңүлү чөккөн, пикирлеш адамдар менен трансулуттук шериктештиктин жаңыланган формасын кабыл алууга мажбур болууда. Маргиналдуулук жалпы кабыл алынган ченемдерге, каада-салттарга, үрп-адаттарга, калыптанган саясий кырдаалга каршы, коомдогу тоталдык оппозициянын абалы менен конфликт түзүүгө өбөлгө жаратат. Тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан мындай процесстерге тийиштүү көңүл бурулбаса, экстремисттик жана террористтик уюмдар үчүн жалдоочулук базасынын кеңейишине алып келиши мүмкүн. Андан ары харизматик- лидер-жалдоочу аларга дүйнөнү жана анын көйгөйлөрүн универсалдуу түшүндүрүү аркылуу, коопсуздук жана коргонуучулук сезимин ойготот, боло турган окуялардын идеологиялык маанисин чеберчилик менен көрсөтүп, аны түшүнүүгө жардам берет.

Республиканын бийлик өкүлдөрүнүн пикири боюнча кооптуу кырдаал катары төмөнкүлөр эсептелет: экстремизмге бөгөт коюу жана алдын алуу боюнча чаралардын натыйжалуулугунун аздыгы. Анткени жалдоочулар экстремисттик топтордо өздөрүнүн тактикаларын тез-тез өзгөртүп турушат. Маалыматтык-түшүндүрүү иш-чаралары коомдун кеңири катмарын тиешелүү деңгээлде камтый албай жатат. Профилдик укук коргоо

органдарынын заманбап техника, курал-жарак жана башка жаңы иштеп чыгуулар менен начар жабдылгандыгына байланыштуу интернет тармагында экстремисттик жана террордук мазмундагы материалдарды таратууга каршы аракеттенүү системасы жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес.

Мындан тышкары диний окуу жайларда билим берүүнүн деңгээли төмөн бойдон калууда, бул теологиялык билим берүүнүн ата мекендик системасынын атаандаштыкка жөндөмсүздүгүн аныктайт; экстремисттик жана террористтик топтордун каржылоосун аныктоо жана финансылык агымдарды көзөлөлгө алуу системасын жакшыртууну талап кылат.

Төмөнкү таблицадан көрүнүп тургандай, экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча иштеги жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер, биздин өлкөнү дагы зомбулуктуу экстремизмден жана террордук актылардан четте калтырган жок.

Кыргызстандын аймагында болгон эң ири террористтик актылар [8].

| **Болгон күнү** | **Терракттар** | **Болгон жери** | **Уюштуруучулар** | **Кесепети/ натыйжасы** |
|---|---|---|---|---|
| 27-декабрь, 2002-жыл | Катуу жардыруу болгон | «Оберон» базарында («Дордой» базарынын бир бөлүгү) | «Өзбекстан ислам кыймылынын» согушкерлери | 9 адам каза болуп, 50гө жакын адам олуттуу күйүк жана жаракат алышкан. |
| 8-май, 2003-жыл | Жардыруу болгон | Ош шаарындагы «Бакай» банкынын филиалынын акча алмаштыруу жайында | «Өзбекстан ислам кыймылынын» согушкерлери | Акча алмаштыруу бюросунун кызматкери ооруканага бара жатып каза болгон. |
| 9-сентябрь 2010-жыл | Жардыруу болгон | Бишкектеги синагоганын аймагында | Белгисиз адам | Жабыркагандар жок |
| 30-ноябрь, 2010-жыл | Жардыруу болгон | Бишкектеги Кожомкул атындагы Спорт сарайынын кире беришинде | «Жайшүл-Махди» террордук уюмунун мүчөлөрү | Төрт адам жаракат алган. |
| 4-январь, 2011-жыл | Рейд учурунда милиция кызматкерлери өлтүрүлгөн | Жукеев-Пудовкин көчөсүндөгү 8/1 үйдөгү батирлердин биринде рейд | «Жайшүл-Махди» террордук уюмунун мүчөлөрү | Үч милиция кызматкери өлтүрүлгөн. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | учурунда | | |
| 22 июнь 2015-жыл | Камактан качкан 2 адамды кармоо боюнча атайын операция | Бишкек шаары | 2 экстремист куралдуу каршылык көрсөтүшкөн | 2 туткун өлтүрүлгөн |
| 6-июль 2015-жыл | Терракткка аракет жасаган | Бишкек шаары, Горький/Темиров көчөлөрүнүн кесилишинде | ЭТУдун согушкерлерин кармоо боюнча атайын операция | 4 экстремист өлтүрүлгөн, 1 колго түшүрүлгөн |
| 16-июль 2015-жыл | УКМКнын контртеррордук 2 операциясы | Бишкек шаары 1. Күндүз ГЭС-5те; 2. Кечинде Бишкектин борборунда | ЭТУдун согушкерлери бир катар терракттты уюштурууну пландаштырган | 2 террорист жок кылынды; ЭТУдун 7 мүчөсү кармалган. |
| 22-октябрь, 2015-жыл | ЭТУнун уюмдун активдүү мүчөлөрү кармалган | Бишкектин чет жакасында | Укук коргоо органдарынын административдик имараттарында бир катар жардырууларды уюштурууну пландашкан | Террордук топтун активдүү мүчөсү колго түшүрүлгөн. |
| 11-декабрь, 2015-жыл | Жок кылынган топтун мүчөлөрү Бишкек жана Чүй облусунун аймагында теракт жасоону көздөшкөн. | Бишкек шаары, «Чыгыш-5» кичи районунда | | ЭТУ топтордун эки мүчөс жок кылынган. Атайын күчтөрдүн бир жоокери жарадар болгон. |
| 29-март, 2016-жыл | УКМКнын кызматкерлери атайын операция жүргүзгөн | Ош шаары | Кыргызстандын аймагында диверсиялык-террордук акцияларды жасоого даярданган террордук топтун жалдоочулары | Террордук уюмдун жети мүчөсүн кармашкан. |
| 20-июнь, 2016-жыл | УКМКнын кызматкерлери атайын | Кыргызстанга кирүүгө аракет кылган учурда | Сириядагы согуштук аракеттерге | 21 жаштагы кыргызстандык террордук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | операциясынын негизинде | | катышкан, диверсиялык-террордук даярдыктан өткөн жоочу | уюмдун мүчөсү кармалган |
| 30-август, 2016-жыл | Жардыруу болгон | Бишкек шаары Кытай элчилигинде | «Чыгыш Түркстан ислам кыймылы» | Жардыруудан үч адам жабыркап, жанкечти өзү каза болгон. |
| 29-август, 2017-жыл | УКМКнын кызматкерлери атайын операциясынын негизинде | Жайыл районунда | ЭТУдун мүчөлөрү | 2 согушкерлер жок кылынып, 1 жаракат алып, ооруканага жеткирилген. |
| 25-октябрь, 2018-жыл | УКМКнын кызматкерлери атайын операциясынын негизинде | Чүй облусунун аймагында | ЭТУдун мүчөлөрү | 5 чет элдик жана 4 кыргызстандык террористтер кармалган |

Изилдөөдө жүргүзүлгөн талдоо Кыргызстандагы экстремисттик көрүнүштөрдүн төмөнкү өзгөчөлүгүн көрсөттү: бизди кубандырганы диний экстремисттик уюмдардын арасында өлкөдөн өнүп чыккандар жокко эсе, алардын дээрлик бардыгынын теги ар башка географиялык аймактарга ээ.

Учурда Кыргыз Республикасында Жогорку сот тарабынан жалпы 21 уюм экстремисттик деп табылып, алардын ишмердигине мыйзам чегинде тыюу салынган. Алардын дээрлик бардыгы «Аль-Каида», «Акромия», «Мусулман агайындар»", «Талибан кыймылы», «Хизбут – Тахрир», «Түркстан ислам партиясы» жана башкалар чет өлкөдөн чыккан уюмдар. Алар XX кылымдын аягында – XXI кылымдын башында биздин өлкөгө келишкен. Алар ислам динине жамынып алып, мусулмандарды азгырып жалдоо аркылуу биздин өлкөдө жана региондо кырдаалды туруксуздаштыруу боюнча өз иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу үчүн келишкен.

Экстремизм менен терроризмдин пайда болуу себептерин тактоо максатында, бул көрүнүштү изилдеген окумуштуулардын көз караштарына токтоло кетсек, алар дагы ар түрдүү:

1. Кыргызстанды таштап кеткендердин арасынан, адамды экстремизм жолуна салган бирдиктүү бир себепти табуу кыйын, анткени ар кимдин өз көйгөйү, өз тарыхы бар. Кыргызстандык изилдөөчү Б.Дубанаев менен София университетинин профессору Т. Дронзинанын пикири боюнча «меркантилдик мотив жана жакырчылык адамдардын экстремисттик уюмдарга кирүүсүнүн негизги себептери боло бербейт» [1,с.223]. Сирияга барган, эркинен ажыратылган экстремисттерге (29 киши) карата изилдөө жүргүзүлгөн. «Согушка катышкан адамдардын арасында жумушсуз адамдар болгон эмес, алардын

чечилбеген каржылык көйгөйлөрү да жок болчу (бирөөнүнүнөн тышкары), бирок көпчүлүгү материалдык абалына канааттанган эмес. Алардын арасында бай ишкерлер да болгон» [1,с.224].

Кыргызстандык окумуштуулар Н.Эсенаманова менен Р.Вейцелдин изилдөөлөрү «адамдарды экстремисттик ишмердүүлүккө түрткөн негизги фактор катары жакырчылык жөнүндөгү далилдин туура эместигин тастыктайт» [4, с.7]. Бул тезисти, б.а. экстремисттик жана радикалдуу уюмдардын жетекчилери жана активисттери эч качан жарырларга таандык эместигин башка изилдөөчүлөр да айтып жүрүшөт. Мисалы, америкалык изилдөөчү М.Сейджмандын [3] маалыматы боюнча террористтердин төрттөн үч бөлүгү – бул «орто таптын » жана коомдун жогорку катмарынын арасынан чыккандар.

Террористтердин басымдуу көпчүлүгү же 90% бакубат, толук үй – бүлөлөрдүн өкүлдөрү. 63% колледждерди бүтүрүшкөндөр, бул «үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүнүн студент жаштарына мүнөздүү. Башкача айтканда, террористтер – бул жашоонун ар кандай тармактарынан чыккан, алар коомдун мыкты жана жөндөмдүү өкүлдөрү болуп саналат [9].

2. Батыш психологдору экстремисттерди психикалык жактан (психопаттар же социопаттар) жапа чеккен адамдар катары карашат [11, с.688]. Бирок, муну менен макул болуу кыйын, анткени андай болгондо алардын иш аракеттерин координациялоо, тартипти сактоо кыйынга турмак. Ошондуктан, биздин оюбузча бардык экстремисттер акыл-эси ордундагы эле соо адамдар.

Ал эми неофрейдисттер болсо, радикалдар менен экстремисттерди акыры патологиялык нарциссизмге, паранояга же башка кесепеттерге туш кыла турган, бала кезинде алган психологиялык жаракаттан кесепетинен жапа чегишет деп ырасташат [12, с 161-212.]. Ал эми кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн тобу психопатологиялык себеп бар деген гипотезаны четке кагышты [4, с.5] алар «Хизб-ут-Тахрирдин» абакта жаза өтөп жаткан 16 мүчөлөрүнүн баары менен маектешкен, натыйжада алардын бардыгы психикалык жактан дени сак адамдар экенин тастыкташкан.

3. Диндин максаттары жана маңызы жөнүндө толук билимдин жоктугу жана жарым-жартылай, толук эмес билимдин болушу агрессивдүү радикализмге алып келиши ыктымал.

Эгерде диний билим менен практиканын толук жоктугу экстремизмдин бир түрүнө – эгоизм менен адепсиздикке алып келсе, чала сабаттыктын натыйжасы – агрессивдүү радикализмге алып келет. Адам динди үстүртөн билгенде, диндин чыныгы маңызына тийиштүү көңүл бурбастан, майда нерселерге берилип кетет. Андай адам башка бир харизмат адамдын пикирин диний чындык катары кабыл алып, «Курандын тексттерин метафоралар жана аллегориялар менен чаташтырат жана бекем фактыларды жөнөкөй божомолдордон ажырата албайт» [13]. Ар кандай тек-жайы менен ар кандай адам экстремист болуп калышы мүмкүн. «Көбүнчө мындай салттуу эмес дүйнө тааным жаңы динге өткөн адамдарды жана билим деңгээли ортодон жогору болгон адамдарды өзүнө тартып турат» деп эсептешет башынан өткөргөндөр [14]. Экстремизм жашоонун максатын жана маңызын таба албаган бай жана жетиштүү билими бар, бирок кылаарга иши жок, көпкөн жаштардын белгилүү бир чөйрөсү үчүн адаттан тыш иш-аракет катары аларды өзүнө тартат.

Жаштардын романтикалуулугу жана курчтугу, өз жашоосуна жана ишмердүүлүгүнө өзгөчө маани, кандайдыр бир өзгөчөлүк киргизүүнү каалоо көбүнчө чындыктан, жомоктогудай жашоого өтүү менен коштолот, өздөрүн адамдарга жакшылык алып келген, күч менен адилеттикти орноткон, кээде анча-мынча курмандыктарга дуушар болбогон баатырлар катары элестетет. Мунун баары экстремисттик топтор үчүн чоң кызыгууну

туудурат, алар адамды өзүнүн логикасына же аң-сезимине каршы аракеттенүүгө мажбурлайт [2, с. 361].

Алардын аң сезимин ушул иш менен байланышкан тобокелдиктер: пландарды иштеп ашыруу, экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашыруунун нюанстары ээлейт. Буга антиглобалисттер мисал боло алат, алардын көпчүлүгү чындыгында эмне үчүн күрөшүп жаткандыгын билишпейт. Биздин пикирибиз боюнча бул жараяндарды ишмердүүлүктүн жаңы чөйрөсү катары экстремизмге кызыгуу мотиви менен түшүндүрсө болот.

4. Кыргызстанда инсанды экстремизмге алып баруучу радикалдашуунун себептеринин бири – диндин абдан саясатташып кеткендиги жана диний этикадан саясий идеологияга көбүрөөк акцент берилип жаткандыгы болуп саналат.

Диний экстремист тигил же бул деңгээлде светтик коомду жана башка диндерди четке кагат. Буга «Хизб-ут-Тахрирдин» (ХТИ) өкүлдөрү жана салафит багытындагы жихадчыл-такфиристтик агымдардын активисттери мисал боло алат. Кыргызстан коомчулугунда көптөгөн суроолорду жараткан салафиттик жамаатка, Кыргызстандан айырмаланып башка постсоветтик Борбор Азия мамлекеттеринде экстремизмдин жана такфиризмдин негизи катары тыюу салынган. Кыргызстанда ал аз изилденген, ошондуктан эксперттер, теологдор, дин таануучулар ага ар кандай аныктамаларды берип келишет: мамлекеттик кызматкерлер үчүн – бул радикалдык кыймыл, анын идеологиясы жихадизм, расмий эмес ислам үчүн – бул Мухаммед пайгамбардын убагындагы мурунку ислам салттарына чакырык, өлкөнүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрү үчүн – бул чет элдик атайын кызматтардын кезектеги куралы, ислам коомчулугун форматтоо жана мусулман дүйнөсүнө бөлүнүүнү киргизүү максатында, кээ бир окумуштуулар салафизмди расмий исламга каршы протест деп эсептешет.

Салафизмдин коркунучтуу жагы, анын жактоочуларынын пикири боюнча, дин адамдын жеке иши эмес, коомдук түзүлүштүн негизи болушу керек. Буга байланыштуу «чыныгы» мусулмандардын бийликке келиши үчүн активдүү жана зордук-зомбулукка чакыруу практикаланып жатат, бул мусулман диниятчыларынын экстремисттик канатынын ишинин маңызын түзөт.

5. Идеологиялык вакуум, дүйнө таанымдык чөйрөнүн трансформациясы жана руханий-идеологиялык кризис диний экстремизмдин деңгээлине олуттуу таасирин тийгизүүдө

Коммунисттик идеологиянын кризисинен улам СССР кулагандан кийин Кыргызстанда мамлекет бир нече жолу «Манастын жети осуяты», «Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз», «Кыргызстан элинин демократиялык кодекси», «Келечек Хартиясы», «Көчмөндөрдүн концепциясы» ж.б.у.с. идеологияларды түзүүгө аракет кылганына карабастан, пайда болгон идеологиялык боштук диний-саясий идеологияларга толуп кеткен. Көпчүлүк террордук топтордун ишмердигин талдоога алуу экстремизм көбүнчө идеялогиялык боштуктун жемиши экендигин көрсөтүп турат. Руханий жана идеологиялык кризис дээрлик ар дайым экстремисттик мүнөздөгү идеяларга толгон идеялык боштуктун пайда болушуна алып келет. Экстремисттер өз ишмердигин идеологиялык жактан негиздөөгө өзгөчө маани бербеши да мүмкүн, бирок экстремисттик уюмга кирген адам үчүн инсандык иденттүүлүгүн чыңдоо абдан маанилүү болуп эсептелет.

Ошентип, ар кандай тарыхый, социалдык-экономикалык, саясий, аймактык ж.б. факторлорго жараша экстремисттердин тармагына кирүүнүн себептери дагы, андагы көрүнүштөр, масштабынын ар түрдүүлүгү, мазмуну, мотивациясы боюнча айырмаланган өзгөчөлүктөргө ээ.

Кыргызстанда экстремизм жана терроризм идеяларынын жайылуусунун себептери төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат:

- радикалдуу диний агымдардын уюшкан кылмыштуу топтор менен биригип кетүүсү;
- пенитенциардык мекемелердеги жалдоочулук;
- КР калкынын курамында жаңы чөйрөгө социализациясы төмөн жана интеграциясы начар эмгек мигранттарынын аялуу топторунун санынын азайбагандыгы;
- жашы жете электерди, аялдарды, жаштарды, улгайган курактагы адамдарды экстремисттик ишке тартуунун өсүшү.

Адатта, диний экстремизмдин жайылтуучулары өз ишмердүүлүгүндө калктын маргиналдуу катмарына басым жасашат. Коомдо маанилүү болуу муктаждыгынан улам маргиналдар ар кандай тышкы таасирлерге ийкемдүү болушат. Ошондуктан, аларга, социалдык статусту убада кылуу аркылуу ар кандай саясий көз караштарды таңуулоо оңой. Ушундай топторго карата өзгөчө активдүүлүктү өтө радикалдуу саясий күчтөр менен бирге диний экстремисттик бирикмелер көрсөтүүдө. Алар өтө эле жөнөкөй иш алып барышат: маргиналдарды алдыңкы коомдук – саясий күч деп жарыялашат жана статусун дароо өзгөртүүнү убада кылышат.

Диний экстремизм социалдык деструктивдүү аракеттердин экстремалдык формасы катары болгондуктан, мамлекеттин коопсуздугуна, коомдун туруктуу өнүгүшүнүн негиздерине коркунуч жаратат.

Жогоруда белгиленгендерден улам экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүүдө төмөнкүлөр ишке ашырылууга тийиш:

– Мамлекет жалпы жарандык иденттүүлүктү, Кыргыз Республикасында жашаган ар бир адамга «кыргыз жараны» – кыргызстандыктын аң-сезимин, эгемендүүлүктү жана мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн баалуулугун жана маанилүүлүгүн түшүнүүсүн калыптандыруусу зарыл.

– Экстремизмдин жана терроризмдин алдын алуу чөйрөсүндө мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын ишин өркүндөтүү.

– Экстремизм жана терроризм көрүнүштөрүнүн алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча атайын мамлекеттик жана укук коргоо органдарынын практикасын жакшыртуу.

– Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдык механизмдерди өркүндөтүү.

Радикалдык көз караштарга идеологиялык каршы туруу үчүн расмий ислам исламдагы компромисттик, туруктуулук, орточулук, бийликке берилгендик, сабырдуулук, кеңешүүчүлүк, зыяндан качуу ж.б.у.с. ислам дининин идеялык-теориялык мурасын ишенимдүү негиздеп жана популярдуу кылып жайылтуусу зарыл.

Ислам таануу илимий-изилдөө институттары, борборлор, эксперттик коомчулук теологдор, дин таануучулар исламдын руханий-маданий, адеп-ахлактык, гуманисттик жана бардык социалдык баалуулуктарын, ошондой эле коомдогу функцияларынын көп түрдүүлүгүн камтыган канондорун чечмелөөгө көмөк көрсөтүшү керек. Куранды, хадистерди жүйөөлүү чечмелеп, идеялык-патриоттук тарбиялоонун максаттарын жана милдеттерин, динге ишенгендердин билимге умтулуусун, жогорку адеп-ахлактык сапаттарды жана жоопкерчиликтүү жарандык позицияны калыптандыруунун зарылдыгын исламдын бедели менен негиздеп жана бекемдөө зарыл.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Кубанычбекова Н. Религиозный фактор как предмет научного дискурса в условиях глобализации. – Б. //Вестник КГУ им. И.Арабаева, 2020, №4. – 221-225.
2. Курбанова Н.У., Бекбоева А.К., Жыргалбекова Г.К. Духовная безопасность как один из государственных механизмов воспитание молодежи. – 361 б. – Б. //Вестник КГУ им. И.Арабаева, 2022, №3. – С.358-364 (с.223)
3. Марк Сейджмен (Marc Sageman) официально работал от ЦРУ в Афганистане в 1987-89 гг., а затем, выйдя в отставку, как судебный психиатр обрабатывал библиографические данные преступников для выявления закономерностей в их злонамеренных действиях. После событий 11 сентября 2001 года он предложил свои оценки действий террористов, создающих свои подпольные сети во многих других странах, более широкой аудитории. Его взгляды изложены в книге "Understanding Terror Networks", опубликованной в этом году Университетом штата Пенсильвания.
4. Эсенаманова Н., Вейцель Р. Запрещенная Хизб ут Тахрир в Кыргызстане: начало и закат (полевое исследование). – Бишкек: ИСАП КРСУ им.Б.Ельцина. – 3-10 С.
5. Хантингтон С. Запад уникален, но не универсален // МЭиМО, 1997 г.- № 8 – С. 86.
6. Примеч. авт.: по данным спецслужб на 1 января 2017 г. в Кыргызстан вернулось 65 чел., из которых только 15 чел. находятся на реабилитации под контролем правоохранительных органов.
7. Правительство выявило «слабые стороны» борьбы с экстремизмом и терроризмом в Кыргызстане. /АКИpress. – 3 апр. – 2017.
8. https://ru.sputnik.kg/Kyrgyzstan/20160830/1028868583.html
9. Эксперт о новых подходах в оценке терроризма //http://www.counterterrorismcenter.ru/main/pages/sageman.html
10. Coleman P.T., Bartoli A. Op. cit.
11. Post J. Notes on Psychodynamic Theory of Terrorist Behavior // Terrorism: An International Journal. 1984. № 7(3). P. 241-256; Post J. Narcissism and the Charismatic Leader-Follower Relationship // Political Psychology. 1986. № 7 (4). P.675-688; Robins R., Post J. Political Paranoia: The Psychopolitics of Hatred. New Haven (Conn.): Yale Univ. Pr., 1997.
12. Della Porta D. Recruitment Process in Clandestine Political Organizations: Italian Left-Wing Terrorism // Internation-al Social Movement Research. 1988. № 1. P. 155-169; Della Porta D. Political Socialization in Left-Wing Underground Organizations: Biographies of Italian and German Militants // International Social Movement Research. 1992. № 4. P. 259-290; Merkl P. West German Left-Wing Terrorism / Terrorism in Context. Ed. by M. Creshaw. University Park: Pennsylvania State Univ. Pr., 1995, P.17-39; Passerini L. Lacerations in Memory: Women in the Italian Underground Organizations // International Social Movement Research. 1992. № 4. P. 161-212.
13. Мусин А. Религиозный экстремизм: причины, последствия, исцеление.28 июня. – 2008 http://zonakz/ntt/blogs/user/
14. М. Наваз «Размышления бывшего экстремиста» //Вестник НАТО//http://www.nato.int/docu/review/2012/Threads-Within/Thoughts-former-extremist/RU/index.htm

**Рецензент: философия илимдеринин доктору, профессор Үтүров К.Ү.**